**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги II сессиясы**

**30-март 2026-жыл №1** **Ноокат шаары**

**Ноокат Суу канал" муниципалдык ишканасынын мүлктөрүн күрөөгө коюуга макулдук берүү жөнүндө**

"Ноокат Суу канал" муниципалдык ишканасынын мүлктөрүн күрөөгө коюуга макулдук берүү жөнүндө, Ноокат шаардык кеңешинин Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча боюнча туруктуу комиссиясынын отурумун угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 27,34,39-беренелерине, Кыргыз Республикасынын "Мүлккө мунципиалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесине, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 31 беренеси жана 78-беренелерине таянып, Ноокат шаардык кенеши **т о к т о м к ы л а т:**

1. Ноокат шаарынын мэриясы жана Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин ортосундагы 2022-жылдын 11-апрелиндеги №19-04-01/48 субкредиттик макулдашуусу боюнча милдеттенмелерин камсыз кылуу үчүн, "Мамлекеттик финансылык холдинг" ачык акционердик коомуна "Ноокат Суу канал" мунципиалдык ишканасынын Коён суу кампасын. Барын скавжина, лазерный суу тазалагыч, кароолкана жери кошулуп күрөөгө коюга макулдук берилсин.

2. Ноокат шаарынын мэриясына, "Ноокат Суу канал" муниципалдык ишканасы тарабынан бюджеттик кредиттин максаттуу жана натыйжалуу пайдаланыппын жана субкредиттик макулдашуунун шарттарына ылайык өз убагында кайтарылышын көзөмөлдөө жагы тапшырылсын.

3. "Ноокат Суу канал" муниципалдык ишканасы белгиленген тартипте "Мамлекеттик финансылык холдинг" ачык акционердик коому менен күрөө келишимин түзүү жол жобосун жүргүзсүн.

4. Ушул токтом Ноокат шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтына жарыялансын.

5. Шаардык кенешинин токтому ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Ош юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

# ТОКТОМ

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги II сессиясы**

**30-март 2026-жыл №2** **Ноокат шаары**

**"Ноокат Суу канал" муниципиалдык ишканасынын ичуучу суугa тарифии бекитүү жөнүндө**

"Ноокат Суу канал" муниципиалдык ишканасынынычүүчү сууга тарифин бекитүү жөнүндө Ноокат шаардык кенешинии Бюджет, экономика, финансы, соода, инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча комиссиясынын отурумунда угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө Мыйзамынын 34-беренение 11-бөлүмчөсүнө ылайык, Ноокат шаардык кенеши **т о к т о м к ы л а т:**

1. "Ноокат Суу канал" муниципиалдык ишканасынын ичүүчү сууга колдонула турган төмөндөгү тарифтери бекитилсин.

- Өздүк наркы 1 метр куб суу үчүн ( салыктарды эске албаганда) -41 сом 25ти.

Абоненттер үчүн категориялар боюнча (салыктарды эске албаганда)

- Калк үчүн: 1 метр куб сууга-32сом 00 тн.

- Бюджеттик мекемелер үчүн: 1 метр куб сууга 80 сом 00тн.

- Комерциялык ишканалар үчүн: 1 метр куб сууга -100 сом 00тн.

2. Бекитилген тарифтер 2026-жылдын 1-апрель күнүнөн колдонууга киргизилсин.

3. Калк жана башка суу пайдалануучулар арасында жаны тарифтер боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

4. Ушул токтом Ноокат шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтына жарыялансын.

5. Шаардык кенешинин токтому ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Ош юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кенешинин бюджет, экономика, финансы, соода инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги II сессиясы**

**30-март 2026-жыл №4** **Ноокат шаары**

**Ноокат шаарынын 2026-2030-жылдардагы өнөр жай жана өндүрүш секторун өнүктүрүү боюнча программасын бекитүү жөнүндө**

Ноокат шаарынын 2026-2030-жылдардагы онор жай жана өндүрүш секторун боюнча программасын бекитүү жонундо онүктүрүү Ноокат "Муниципиалдык менчик, онор жай, курулуш, экология, архитектура, трнаспорт, агрардык шаардык кенешинин алдындагы маселелер жана энгергетика боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда угуп жана талкуулап. Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү оз алдынча башкаруу органдары жонундо» Мыйзамынын 34,39-беренеине ылайык, Ноокат шаардык кеңешинин отуруму **т о к т о м к ы л а т:**

1. Ноокат шаарынын 2026-2030-жылдардагы онор жай жана өндүрүш секторун өнүктүрүү боюнча программасы бекитилсин.

2. Ноокат шаарынын мэриясы:

Программада көрсөтүлгөн иш-чаралардын өз мөөнөтүндө жана сапаттуу аткарылышы камсыз кылсын;

Өнөр жай ишканаларын модернизациялоо, иновациялык технологияларды тартуу боюнча жигердүү иш алып барылсын.

Прогораммалардын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө жыл сайын Ноокат шаардык кеңешине маалымат берилип турулсун.

3. Токтомдун аткарылышын Ноокат шаарынын мэри А.Р.Абдибаевке милдеттендирилсин.

4. Ушул токтом Ноокат шаарынгын мэриясынын расмий веб-сайтына жарыялансын.

5. Шаардык кеңешинин токтому ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Ош юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энгергетика боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги II  сессиясы**

**30-март 2026-жыл  №5** **Ноокат шаары**

**Ноокат шаарынын мэриясы тарабынан калкка жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү муниципиалдык кызмат көрөсөтүүлөрдүн реестрии бекитүү жөнүндө**

Ноокат шаарынын мэриясы тарабынан калкка жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү муниципиалдык кызмат көрөсөтүүлөрдүн реестрин бекитүү жөнүндө  Ноокат шаардык кеңешинин алдындагы "Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, трнаспорт, агрардык маселелер жана энгергетика боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34,39-беренесине ылайык, Ноокат шаардык кеңеши **т о к т о м  к ы л а т:**

1. Ноокат шаарынын мэриясы тарабынан калкка жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү муниципиалдык кызмат көрөсөтүүлөрдүн реестри бекитилсин.

2. Ушул токтом Ноокат шаардык кеңешинин расмий веб-сайтына жарыялансын.

3. Шаардык кенешинин токтому ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Ош юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

4. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын  мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энгергетика боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги II сессиясы**

**30-март 2026-жыл №6** **Ноокат шаары**

**Ноокат шаарында Жергиликтүү жамааттардын демилгелерин колдоо фонду жөнүндө Жобону бекитүү жөнүндө**

Ноокат шаар аймагында Жергиликтүү жамааттын демилгелерин колдоо фондун уюштуруу жөнүндө, Ноокат шаардык кенешинин алдындагы Бюджет, экономика, финансы, соода инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34,39-беренелерине ылайык , Ноокат шаардык кеңешинин отуруму **т о к т о м к ы л а т:**

1. Ноокат шаар аймагында Жергиликтүү жамааттын демилгелерин колдоо фондунун ишин уюштурууга макулдук берилсин

2. Ноокат шаар аймагынын Жергиликтүү жамааттын демилгелерин колдоо фонду жөнүндө Жобо бекитиленн

3. 2027-жылга жергиликтүү бюджеттин долбооруна Фонддун ишинин алкагында жергиликтүү жамааттын демилгелерин колдоого сунуш киргизилсин

4. 2027-жылга жергиликтүү жамааттардын демилгелери төмөнкү багыттар боюнча аткарууга кабыл алынаары белгиленсин: билим берүү, турак жай-коммуналдык чарбалары үчүн

5. Ноокат шаарынын мэри А.Р.Абдибаев Жергиликтүү жамааттын демилгелерин колдоо фонду жөнүндө Жобонун талаптарына ылайык долбоорлорду тандоо жол-жоболору боюнча ишти баштасын

6. Ушул токтом Ноокат шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтына жарыялансын

7. Шаардык кенешинин токтому ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Ош юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

8. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

9. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ноокат шаардык кеңешинин алдындагы бюджет, экономика, финансы, соода инвестициялар, ишкердик жүргүзүү жана тышкы экономикалык  байланыштар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги II сессиясы**

**30-март 2026-жыл №7** **Ноокат шаары**

**Ноокат шаарынын А.Мирмахмудов атындагы көчөсүндөгү эски көрүстөндү рекультивациялоого макулдук берүү жөнүндө**

Ноокат шаарынын аймагындагы А.Мирмахмудов атындагы көчөсүндөгү эски көрүстөндү рекультивациялоого макулдук берүү жөнунөндөгү Ноокат шаардык кенешнини Муниципиалдык менчик, өнөр жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда угуп жана талкуулап. Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34,39-беренесине ылайык, Ноокат шаардык кеңеши **т о к т о м к ы л а т:**

1. Ноокат шаарынын А.Мирмахмудов атындагы көчөсүндө жайгашкан эски көрүстөндү рекультивациялоого макулдук берилсин

2. Ноокат шаарынын мэри А.Р.Абдибаевке токтомдо көрсөтүлгөн жердин тиешелүү документтерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кайра тариздөө үчүн тиешелүү мамлекеттик органдарга сунуштама берүү жана иш кагаздарын жүргүзүү милдеттендирилсин.

3. Ушул токтом Ноокат шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтына жарыялансын.

4. Шаардык кенешинин токтому ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Ош юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Токтомдун аткарылышын козомолдоо Ноокат шаардык кенешинин Муниципиалдык менчик, онор жай, курулуш, экология, архитектура, транспорт, агрардык маселелер жана энергетика боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**

**Ноокат шаардык кеңеши**

**ТОКТОМ**

**Ноокат шаардык кеңешинин VII чакырылышынын кезектеги II сессиясы**

**30-март 2026-жыл №8** **Ноокат шаары**

**Ноокат шаардык мэриясынын 2025-жылга мерчемделген иш планы боюнча мэр Р.А.Абдибаевдии аткарган иштеринин отчету жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34,39-беренелерине жана Ноокат шаардык кеңешинин регламентине ылайык, Ноокат шаарынын мэри А.Абдибаевдин 2025-жыл ичиндеги аткарган иштеринин отчету угулуп, талкууланып, Ноокат шаарынын мэриясынын алдындагы муниципиалдык ишканаларынын жүргүзгөн иштеринин шаардын социалдык-экономикалык жана инфраструктуралык өнүгүшүнө тийгизген таасирине ылайык, Ноокат шаардык кеңеши токтом кылат

1. Ноокат шаарынын мэри Р.А.Абдибаевдин жетекчилигинде 2025-жылга карата аткарылган иштери тууралуу отчету эске алынсын

2. Ноокат шаарынын мэриясынын алдындагы муниципиалдык ипканалар:

"Муниципиалдык менчик Департаменти" ишканасы,

"Ноокат Суу канал" муниципиалдык ишканасы,

"Ноокат Тазалык" муниципиалдык ишканасы,

"Ноокат Жылуулук" муниципиалдык ишканалары тарабынан жүргүзүлгөн иштер калк арасында наразычылыктарды жаратып, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатынын төмөндөшүнө, ошондой эле шаардын социалдык-экономикалык жана инфраструктуралык өнүгүшүнө терс таасирин тийгизгендиги белгиленсин.

3. Ноокат шаарынын мэри А.Абдибаевдин жетекчилигинде 2025-жыл ичиндеги аткарган иштеринин "отчету канааттандыраарлык эмес" деп табылсын, кетирген кемчиликтери менен каталарын ондоп, жоюп 2020-жылдын 2-кварталынын аягына чейин мөөнөтү берилсин, аткарган иштеринин отчёту кайрадан угулсун.

4. Ноокат шаарынын мэрине төмөнкү милдеттер жүктөлсүн:

5. "Муниципиалдык менчик Департаменти", "Ноокат Суу канал" жана "Ноокат Тазалык", "Ноокат Жылуулук" муниципиалдык ишканаларынын ишмердүүлүгүнө ар тараптуу эл менен иштешүү, ишканалардын экономикалык потенциалы менен рентабелдилүүгүн

жогорулатуу, инвестицияларды тартуу, кирешелерин жогорулатуу, укук бузуулардын, коррупциялык аракеттердин алдын алуу жана көрүнүштөрүн жоюу жана иш пландарын жанылоо менен сапаттуу аткарылышына талдоо жүргүзүү.

6.Аныкталган кемчиликтерди жоюу боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгып, белгиленген тартипте, шаардык кеңешке макулдашууга киргизүү

7. Ушул токтом Ноокат шаарынын мэриясынын расмий веб-сайтына жарыялансын.

8. Шаардык кеңешинин токтому ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Ош юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

9. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

13. Токтомдун аткарылышын уюштуруу жагы катчы К. Тагаевага, ал эми токтомдун аткарылыш көзөмөлдөө Ноокат шаардык кенешинин мыйзамдуулукту сактоо, мандат. депутаттык этика, өз алдынча башкаруу, коомдук уюмдар, дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырлсын.

**Төрага** **М.Эгембердиев**